# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИНИН ТАРТИБИ БОЮНЧА НУСКАМАСЫ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## Жалпы жоболор

**Максаты**

**1-берене.** Бул нускама Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын мыйзамдары менен Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Устав, нускама жана жоболоруна туура келбеген иш-аракеттерди жасаган университеттин студенттерине тартип жазаларын берүү жана териштирүү иштерин жөнгө салуу максатында түзүлдү.

**Укуктук негиздеме**

**2-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставынын 10-беренесинин 6-пунктуна негизделип түзүлдү.

**Мазмуну**

**3-берене.** Бул нускамада Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде билим алып жаткан студенттердин тартип бузуулары, тартип жазаларын берүүчү инстанциялар, тартип боюнча комиссиялар жана тартип бузуулардын териштирилиши, тартип жазалары боюнча арызданууу жана жазаларды ишке ашыруу ыкмалары жана негиздери камтылды.

**Аныктамалар жана кыскартуулар**

**4-берене.** Бул нускамада төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

| | | |
|---|---|---|
| **Университет** | : | Кыргыз-Түрк “Манас” университети; |
| **Студент** | : | Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде катталып, даярдоо курсунда, бакалавриат, магистратура, докторантура, медицина жаатында ординатура же көркөм өнөр багытында ассистентура-стажировкада билим алып жаткан студент. |

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## Тартип бузуулар жана тартип жазалары

**Тартип жазалары**

**5-берене:** Тартип жазалары төмөнкүлөр:

a) **Эскертүү**: Өз милдетин жана жүрүм-турум эрежелерин мындан ары катуу сактоо керектигин студентке жазуу түрүндө билдирүү.
b) **Сөгүш**: Өз милдетин аткарууда жана жүрүм-турумунда ката кетиргенин студентке жазуу түрүндө билдирүү.
c) **Бир жумадан бир айга чейин университеттен четтетүү**: Бир жумадан бир айга чейин университеттен чыгарылгандыгы жөнүндө студентке жазуу түрүндө билдирүү.
d) **Бир же эки жарым жылга университеттен четтетүү**: Бир же эки жарым жылга университеттен чыгарылгандыгы жөнүндө студентке жазуу түрүндө билдирүү.
e) **Университеттен чыгаруу**: Университетке кайра албоо шарты менен студентке университеттен чыгарылганы жөнүндө жазуу түрүндө билдирүү. Чыгаруу жазасына тартылган студент университеттин имаратына, короосуна жана башка жайларына кире албайт. Чыгаруу жазасын алган студент жаза мөөнөтүндө студенттик укуктарынын бирин да пайдалана албайт.

**Эскертүү жазасы**

**6-берене:** Эскертүү жазасы төмөнкү учурларда берилет:

a) Кишилерге орой мамиле жасоо, жаңжал чыгаруу, айлана-чөйрөсүн таза кармабоо;
b) Тийиштүү инстанциялардын талаптарын өз убагында жүйөөлүү себепсиз аткарбоо;
c) Университеттин администрациясы белгилеген тартип эрежелерин аткарбоо;
d) Окуу куралдарын туура колдонбоо;
e) Студенттик жүрүм-турумга туура келбеген иш-аракеттерди жасоо.

**Сөгүш жазасы**

**7-берене:** Сөгүш жазасы төмөнкү учурларда берилет:

a) Университеттин дубалдарына, буюмдарына жазууларды жазуу, белгилерди жана сүрөттөрдү тартуу ж.б окуу куралдарына зыян келтирүү;
b) Университеттин администрациясы тарабынан талап кылынган маалыматтарды толук же туура эмес берүү же такыр бербөө;
c) Университеттин администрациясы тарабынан белгиленген жерлерден башка жерлерге администрациянын уруксаты жок кулактандырууларды илүү;
d) Сабак, семинар, практика, лабораториялык иштер жана конференция сыяктуу иш-чаралардын тартибин бузуу;
e) Университеттин ичинде ичкилик ичүү же университетке ичкилик ичип келүү;
f) Университеттин аудиторияларында, лабораторияларында, устаканаларында, оорукана-ларда, медицина борборлорунда, коридор же короосунда студентке туура келбеген кийим кийип келүү.

**Бир жумадан бир айга чейин университеттен четтетүү**

**8-берене:** Бир жумадан бир айга чейин университеттен четтетүү жазасы төмөнкү учурларда берилет:

a) Университеттин администрациясына, окутуучуларына жана кызматкерлерине орой мамиле жасоо;
b) Окуу жана окутуу эркиндигин түздөн-түз же кыйыр түрдө чектөө, университеттин тынчтыгын жана иш тартибин бузуу;
c) Кумар ойноо же ойнотуу;
d) Университет тарабынан өзүнө берилген документти башкаларга колдонуу үчүн берүү же башка бирөөнүн документин ушундай максатта колдонуу;
e) Университеттин ректоратынын кабары же уруксаты болбой туруп, университет ичинде же тышында университеттин атын колдонуп, же анын атынан ар кандай коомдук, маданий спорттук ж.б.у.с. иш-чараларга катышуу;
f) Ар түрдүү салтанаттуу иш-чараларда тартип бузуу же ага алып бара турган иш-аракет-терди жасоо;
g) Университеттин ичинде же анын башка жайларында саясий иштерге катышуу;
h) Тартип бузуу боюнча териштирүү иштерине жолтоо болуу;
i) Университеттин ичинде же анын башка жайларында маалымат таратуу, афишаларды жана плакаттарды илүү.

**Жарым жыл же бир жылга чейин университеттен четтетүү**

**9-берене:** Жарым жыл же бир жылга чейин университеттен чыгаруу жазасы төмөнкү учурларда берилет:

a) Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилеринин бирин жана бир нечесин же баарын өзгөртүүгө же жок кылууга багытталган, бөтөн

бирөөлөр тарабынан университеттин ичинде же тышында уюштурулган чогулуш, көргөзмө ж.б.у.с. иштерге катышуу;

b) Университеттин администрациясын, окутуучуларын жана башка кызматкерлерин коркутуу же аларга акарат келтирүү;
c) Тили, улуту, өңү, дини жана диний агымдар боюнча бөлүнүүгө жол берген иштерди жасоо;
d) Университеттин кызматкерлерине жана студенттерине кол салуу;
e) Уурулук кылуу;
f) Администрациянын уруксатысыз университетке тиешелүү жабык жана ачык жайларда чогулуш өткөрүү же ушундай чогулуштарга катышуу;
g) Сынактарда көчүрүп алуу же көчүртүү же көчүрүү аракеттерин жасоо;
h) Өз алдынча же тобу менен университет жетекчилерине же алардын алган чечимдерине каршы чыгуу, басылмаларды жарыялоо, аларга каршы студенттерди үгүттөө же ушул сыяктуу иштерди жасоого умтулуу.

**Университеттен чыгаруу жазасы**

**10-берене:** Университеттен чыгаруу жазасы төмөнкү учурларда берилет:

a) Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилеринин бирин жана бир нечесин же баарын өзгөртүүгө же жок кылууга багытталган үгүттөө менен ушул сыяктуу иштерге катышуу, көмөк көрсөтүү же эки мамлекеттин аброюна шек келтирген сөздөрдү айтуу же жазуу;
b) Түркия Республикасынын 5816-номерлүү «Ататүрккө каршы иштелген кылмыштар жөнүндөгү» мыйзамын бузуу;
c) Баңгизаттарды колдонуу, ташуу, сактоо же сатуу;
d) Курал-жарак же бычак менен кол салуу же коргонуу үчүн атайын жасалган буюмдарды жана жарылуучу заттарды университетте алып жүрүү же ушул иштерди жасагандан улам соттолуу;
e) Өзүнүн ордуна башка бирөөнү сынакка киргизүү же башка бирөөнүн ордуна сынакка кирүү;
f) Кызматкерлерди же студенттерди зордук же күч колдонуу менен университеттен алып чыгып кетүү;
g) Кызматкерлердин милдетин аткаруусуна жолтоо болуу же студенттерди мындай иштерге мажбурлоо;
h) Идеологиялык же саясий максаттар менен университеттин тынчтыгын жана тартибин бузуу.

**Эске алынбаган тартип бузуулар**

**11-берене.** Жогоруда көрсөтүлбөгөн башка тартип бузууларды жасаган студенттерге тартип бузуу өзгөчөлүгүнө жана оордугуна жараша жогорудагыдай эле тартип жазалары берилет.

**Тартип бузуулардын кайталанышы**

**12-берене.** Тартип жазасынын берилишине себеп болгон иш-аракет же жагдай кайталана турган болсо, анда оор жаза берилет. Башка тартип бузуулары үчүн бирдей даражадагы тартип жазалары үчүнчү ирет берилген учурда, дагы бир оор жаза берилет.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Териштирүү жүргүзүүгө укуктуулар

**13-берене.** Териштирүү жүргүзүүгө төмөнкүлөр укуктуу: Ректор, Биринчи проректор, декан, институттун жана жогорку мектептин мүдүрү. Териштирүү жүргүзүүгө укуктуулар териштирүү ишин өздөрү жүргүзүшөт же бул иштерди аткара турган кишилерди дайындашат.

**Териштирүү мөөнөтү**

**14-берене.** Териштирүү иши тартип бузуу болгон күндөн башталат. Териштирүү чечими териштирүүчүлөргө билдирилет. Териштирүү иши 15 күндүн ичинде бүтүшү керек. Териштирүү иши белгиленген мөөнөттө бүтпөгөн учурда, кошумча мөөнөт суралышы мүмкүн. Териштирүү ишин жүргүзүүгө буйрук берген жетекчи ылайык көрсө, териштирүү мөөнөтү дагы 15 күнгө узартылат.

**Териштирүү иши боюнча отчет**

**15-берене.** Териштирүү иши төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

a) Териштирүүчү адегенде тартип бузган студенттен түшүндүрмө алууга тийиш. Бул максатта ага териштирүү ишинин башталгандыгы жана ага эмне себеп болгондугу, бул тууралуу жазуу түрүндө түшүнүк кат бериши керектиги, белгиленген күнү, сааты жана жеринде даяр болууга тийиштиги, бул шарт аткарылбаганда териштирүү иши башка далилдерге таянып улантыла тургандыгы жазуу түрүндө билдирилет.

b) Териштирүүчү териштирүү иши бүткөнгө чейин бул берененин a) пунктунда берилген шартты сактоо менен керек учурда студентке кайрыла алат.

c) Териштирүүчү a) пунктунда айтылган түшүнүк катты алгандан кийин күбөлөрдөн сурайт жана эксперттерге кайрыла алат.

d) Териштирүү иши боюнча протокол түзүлөт. Протоколдо териштирүү иши кайсы жерде жана качан болгону, териштирүү ишинин мазмуну, кимдер катышканы, берилген суроолор жана алардын жооптору жазылат жана ага териштирүүчү, катчы, түшүндүрмө берген жана документти даярдаган кишилер кол коёт.

e) Териштирүү иши аяктагандан кийин отчет даярдалат. Отчетто териштирүү ишинин чечими, башталган күнү, териштирилген кишинин аты-жөнү, айыбы, териштирүү ишинин этаптары, далилдери жана актануусу көрсөтүлөт. Тартип бузуунун ар бир пункту өз өзүнчө талданып, далилдердин негизинде тартип бузуунун болгону же болбогону аныкталып, берилүүчү жаза сунуш кылынат. Далилдөөчү документтер болгон болсо, алардын түп нускасы же көчүрмөсү отчетко тиркелет. Отчет тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанцияларга же комиссияларга жазуу түрүндө жиберилет.

f) Университеттин бардык кызматкерлери териштирүүчүлөр талап кылган бардык маалыматтарды жана документтерди кечиктирбестен берүүгө жана жардам көрсөтүүгө тийиш.

**Өз таламын жактоо укугу**

**16-берене.** Студенттин актануусу тууралуу акыркы сөзүн жазуу түрүндө алмайынча, тартип жазасы берилбейт. Териштирүү иши боюнча отчетту алган жана тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанциялар менен комиссиялар студенттен актануусу тууралуу акыркы сөзүн жазуу түрүндө талап кылат. Бул максатта студентке жиберилген билдирүүдө териштирүү ишине эмне себеп болгондугу билдирилет. Күбөлөрдүн айткандары далилдерге таянуу менен кыскача берилет. Актануусун жазуу түрүндө билдирүү үчүн студентке үч күндүк мөөнөт берилет. Ушул мөөнөт ичинде студент актануусун билдире албаса, актануу укугунан ажырайт.

**Териштирүү учурунда көрүлө турган чаралар**
**17-берене.** Териштирүүчүлөр зарыл болгон учурларда иши териштирилип жаткан студенттин териштирүү мезгилинде университеттин имараттарына кирүүсүнө тыюу салынуусун укуктуу инстанциядан талап кылышы мүмкүн. Инстанция берген чечим аткарылат. Тартип бузган студенттин университет ичинде орун которушу же ар кандай себептерден улам университеттен кетип калышы териштирүү ишинин башталышына, улантылышына жана тиешелүү чечимдердин кабыл алынышына жолтоо боло албайт.

**Соттук териштирүү менен тартип бузууну териштирүү иштеринин бир убакта жүргүзүлүшү**
**18-берене.** Бир эле окуяга байланыштуу студенттин соттук териштирүү иши тартип бузуусун териштирүүгө жолтоо боло албайт. Студенттин мамлекеттик кылмыш жана жаза мыйзамдары боюнча соттолгондугу же соттолбогондугу тартип жазасынын берилишине бөгөт кое албайт.

**Териштирүү ишин уюштуруу формасы, териштирүү ишинин жыйынтыкталышы**
**19-берене.** Териштирүү иши боюнча отчет жана документтер папкасы факультеттерде декан, институттарда жана жогорку мектептерде мүдүрлөр тарабынан каралып, жаза берилиши керек болгондорго жыйынтык чыгарылат. Калган териштирүү иштери тийиштүү тартип комиссиясына дароо берилет. Комиссия үч күндүн ичинде чогулуп, керектүү иш-чараларды аткарууга киришет.

**Тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанциялар жана комиссиялар**
**20-берене.** Эскертүү, сөгүш жана бир жумадан бир айга чейин университеттен чыгаруу жазалары тиешелүү факультеттин деканы, институттун же жогорку мектептин мүдүрү тарабынан берилет. Студентти университеттен бир же эки жарым жылга чейин чыгаруу жазасы университеттин тийиштүү комиссиясы тарабынан берилет. Факультет, институт же жогорку мектептин башкаруу кеңештери тартип комиссиясынын милдетин да аткарат. Университеттин Башкаруу кеңеши жогорку тартип комиссиясы болуп эсептелет.

**Тартип комиссиясынын чогулушу**
**21-берене.** Тартип комиссиясы төраганын чакыруусу боюнча белгиленген жеринде, күнүндө жана саатында чогулат.

**Комиссия ишинин уюштурулушу**
**22-берене.** Төрага нускаманын 16-беренеси боюнча студенттен түшүндүрмө катын талап кылуу, чогулуштун күн тартибин даярдоо жана тиешелүү кишилерге кабар берүү иштеринин аткарылышын камсыз кылат.

**Чогулуш кворуму**
**23-берене.** Чогулушта башкаруу кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышканда тартип комиссиясы ишин жүргүзө алат.

**Отчет даярдоочу (катчы)**
**24-берене.** Комиссияда отчет даярдоочунун милдетин төрага дайындаган мүчө аткарат. Ал жибериле турган документтерди эки күн ичинде карап чыгып, даярдала турган отчетту төрагага берет.

**Ишти кароо ыкмасы**

**25-берене.** Отчет окулгандан кийин комиссия ишти кароого киришет. Комиссия зарыл болгон учурда териштирүүчүлөрдү да угат. Иш каралып, баары такталган соң, добуш берилет жана чечим төрага тарабынан окулат.

**Добуш берүү**

**26-берене.** Тартип комиссиясынын ар бир мүчөсү өз оюн макул же макул эмес деп билдирүүгө милдеттүү. Калыс добушу колдонулбайт. Чечим чогулушка катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда төраганын тарабы көпчүлүк болуп эсептелет. Чечим мүчөлөр тарабынан кол коюлган протоколдо көрсөтүлөт.

**Чечим**

**27-берене.** Тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанция же тартип комиссиясы териштирүү иши боюнча отчетто сунуш кылынган жазанын кабыл алынышында көз карандысыз болот жана эмне себептен ушундай чечим кабыл алгандыгын билдирүү менен башка бир тартип жазасын бере алат.

**Тартип жазасын берүүдө эске алынуучу жагдайлар**

**28-берене.**

a) Тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанциялар жана тартип комиссиялары жогоруда айтылган жазалардын бирин берүүдө тартип бузууга себеп болгон окуянын оордугун, студенттин кандай максат менен бул ишти жасаганын, мындан мурун башка бир тартип жазасын алган-албаганын, жасаган ишине өкүнүп-өкүнбөгөнүн эске алат.

b) Тобу менен жасалган тартип бузууларда топтогулардын кимиси кандай тартип бузганын аныктоо мүмкүн болбогон учурда, куратор же комиссия тарабынан ар бир студентке тийиштүү жаза берилет.

**Чечим чыгаруу мөөнөтү**

**29-берене.** Тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанция эскертүү, сөгүш, бир жумадан бир айга чейин университеттен чыгаруу жазаларын берүүдө териштирүү иши аяктагандан кийин он күндүн ичинде чечим чыгарууга милдеттүү. Башка тартип жазаларын берүү зарыл болгон учурда документтер дароо тартип комиссиясына жиберилет. Тийиштүү комиссия документтерди алгандан кийин он күндүн ичинде чечим чыгарууга милдеттүү.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Жазалардын аткарылышы жана чечимге нааразылык

**30-берене.** Териштирүү ишинин жыйынтыгы боюнча берилген жаза териштирүү ишин жүргүзүүгө укуктуу инстанция тарабынан төмөнкүлөргө билдирилет:

a) Иши териштирилген студентке;

b) Студенттин ата-энесине, ата-энеси жок болсо эң жакын туугандарына билдирилет. Тартип жазалары зарыл болгон учурда университеттин тиешелүү жайларында кулактандыруу жолу менен да билдирилиши мүмкүн.

**Жазалардын аткарылышы**

**31-берене.** Тийиштүү инстанциялардын же комиссиялардын чечимдеринде жазаны аткаруу мөөнөтү көрсөтүлбөсө, тартип жазалары берилген күндөн баштап аткарылат.

**Чечимге нааразылык жана арыздануу мөөнөтү**

**32-берене.** Тартип жазасын берүүгө укуктуу инстанциялар тарабынан берилген эскертүү, сөгүш, бир жумадан бир айга чейин же жарым же бир жылга чейин университеттен чыгаруу жазалары боюнча жогорку инстанциялардын эч бирине арыз менен кайрылууга болбойт. Тартип комиссиясы тарабынан берилген чечим университеттин башкаруу кеңеши тарабынан каралып, берилген жазаны кабыл алат же четке кагат. Университеттин Башкаруу кеңешине караштуу жогорку тартип комиссиясынын чечими акыркы чечим болот.

**Мөөнөттүн эскириши**

**33-берене.** Нускама боюнча тартип бузууга себеп болгон окуя териштирүү ишин жүргүзүүгө укуктуу инстанция тарабынан билингенден кийин бир айдын ичинде териштирүү ишин жүргүзүү боюнча чечим кабыл алынбаса, ушул окуя болгондон тарта эки жыл ичинде тийиштүү тартип жазасы берилбесе, териштирүү ишин жүргүзүү жана тартип жазасын берүү мөөнөтү эскирет.

Ушул нускаманын 9-беренесинин a) пункту менен 10-беренесинин a) жана b) пункттарында көрсөтүлгөн тартип бузуулар боюнча териштирүү ишин жүргүзүү жана тартип жазасын берүү мөөнөтү эскирбейт.

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ
## Ар түрдүү жоболор

**Студенттин жазасын дарегине билдирүү**

**34-берене.**

a) Тартиптик териштирүүгө байланыштуу ар кандай билдирүүлөр студентке университетте кол койдуруу менен берилет, студенттин кайда экени билинбеген учурда университетте катталган дарегине жазуу түрүндө жиберилет же университеттин тиешелүү жерлеринде жарыяланат. Университетке катталганда көрсөткөн дарегинин өзгөрүлгөнүн билдирбеген же туура эмес дарек берген учурда, студент билдирүүнү алган жокмун деп арыздана албайт.

**Документтерди тапшыруу**

**35-берене.** Териштирүү ишине тиешелүү документтер папкага тиркелип берилет жана алынат. Папканын алдыңкы бетине тапшырган жана алган кишилердин колу коюлат.

**Күчүнө кириши**

**36-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши кабыл алган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы**

**37-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ректору жана Биринчи проректору тарабынан ишке ашырылат**.**

*Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2000-жылдын 6-декабрындагы 2000-5.1-номерлүү чечими менен кабыл алынды.*

✧ Hata! Burada görünmesini istediğiniz metne Заголовок 1 uygulamak için Giriş sekmesini kullanın.